УДК

Давлетов М.С.
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын
Тил жана адабият институту

С.А.ДАВЛЕТОВ КЕП МАДАНИЯТЫ МЕНЕН СТИЛИСТИКАНЫН НЕГИЗ САЛУУЧУСУ КАТАРЫ

Азыркы Кыргызстанда тил илими жаатында талкууга алынып, жарыяланып жаткан эмгектерди карап көрсөк, алардын илимий алкагы өтө кеңири: изилдөөлөр тилдин түзүлүш (структуралык) да, колдонулуш (функционалдык) да аспектилеринде жүргүзүлүп жатат. Бүгүнкү күндүн тартибине эне тилибиздин ары орчундуу, ары чиеленген маселелери коюлууда. Мурдагы “ак тактар” жабылып, кечээги сырлар ачылып, илимдин улам илгерилеп жатканына күбө болобуз. Ошону менен бирге өткөндү бааламайын, алдыга жылыш болбойт, эртеңки күндү кечеги күн түптөйт демекчи, мурдагы илимпоз-аалымдарыбыздын эмгектерин дагы бир сыйра барактап, алардын кошкон салымына таазим этип, сабак алып, ишин андан ары улантканыбызда гана муундар арасындагы байланыш үзүлбөй, чети казылган кендер ташталбай, илимдин өрчүү жараяны ырааттуу болот деп ойлойбуз.

Улуттук тилди, эң алды – анын адабий таризин өнүктүрүү сөз маданиятын өстүрүүсүз, тилдик нормаларды калыптандыруусуз мүмкүн болбогондугун өз убагында кыргыз элинин биринчи кесипкер тилчиси Касым Тыныстанов да жакшы түшүнгөн. Ал 1936-жылы өзүнүн алгачкы окуу китебинде эле бул маселеге кайрылып, биринчи болуп кептик норма менен тилдик норма түшүнүктөрүн киргизип, норманын түрлөрүн илимий негизде аныктоого аракет жасаган. “Ушул негизде алып караганда, – деп белгилейт Т.Уметалиева, – профессор К.Тыныстанов – кыргыз тил илиминин кеп маданиятынын баштоочусу” (8, 8).

Бирок ошондон кийин сөз маданияты маселеси кайсы бир мезгилге илимий кароого алынбай, өткөн кылымдын 60-70-жылдары кайрадан кызыгуу туудуруп, бир катар окумуштуулар тарабынан изилдене баштаган. Дал ушул жылдары Б.Юнусалиевдин, А.Жапаровдун, А.Турсуновдун, В.Закированын, Ж.Мукамбаевдин жана С.Давлетовдун кеп маданияты жана стилистика маселесине арналган макалалары жарык көргөн.

Кыргыздын чыгаан тилчиси Самак Ахмедович Давлетов өзүнүн көп кырдуу талантынан жаралган бай илимий мурас калтырып кеткен. Анын калем алдынан кыргыз грамматикасы, эң алды – морфологиясы, лексикология менен терминологиясы, стилистикасы, тил окутуу методикасы жана башка суроолорго арналган эмгектер чыккан. Ушундан эле окумуштуунун илимий кызыгуулары ар тараптуу болгону даана көрүнүп турат. Ошентсе да бардык тармак-багыттардын ичинен ал үчүн эң маанилүүсү болуп, морфология менен катар, жогоруда өзгөчө басым коюлган кеп маданияты жана стилистика чөйрөсү эсептелген.

60-70-жылдары кеп маданияты маселелери боюнча өз илимий пикирин кагаз бетине түшүргөн авторлордун ичинен С.Давлетов бул маселенин үстүндө иштөөнү андан ары улантып, дал ушул жаатта ири адис катары кыргыз тил илимине өзүнүн чоң илимий салымынын кошуп, из калтырып кеткен. Буга анын калеминин алдынан чыккан “Байланыштуу речь” жана “Официалдуу-иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу” китептерин эске албаганда да, илимий жана илимий-методикалык макалаларынын көпчүлүгү сөз маданияты менен стилистика боюнча жазылгандыгы ачыктан-ачык далил болуп турат. Ал эми тилчинин 1974-жылы жарык көргөн “Эмне үчүн өнөр алды кызыл тил?” аттуу макаласын ачып көрсөк, аны кыргыз элиндеги тил чеберчилигине арналган поэма десе да болот (5).

С.Давлетовдун кыргыз тил илиминин кеп маданияты жана стилистика тармагына

кошкон салымына белгилүү тилчи Б.Усубалиев мындай деп баа берет: “Көлөмдүү эмгектерин айтпай эле коёюн, мен стилистика да, кеп маданияты да, лингвопоэтика да, сөз эстетикасы боюнча студент-аспиранттарга дарс окуганда, агайдын ушул жупкадай болгон “Байланыштуу речь’ эмгеги мени дайыма коштоп жүрөт... Улам окуган сайын, улам жаңы сыры ачылгансыйт... Кыскасы, мен ушул жааттагы адис катары Самак Давлетовду кыргыз тилинин стилистикасы менен лингвопоэтикасынын негиз салуучусу, атасы деп айтууга милдеткермин” (9, 382). Демек, К.Тыныстанов кеп маданияты изилдөөлөрүн баштап кетсе, С.Давлетов илимдин кеп маданияты жана стилистика тармагынын негизин салган деп айтуу биз үчүн парз.

Бирок, өкүнүчтүүсү, С.Давлетовдун кеп маданияты жаатындагы ишмердиги анча сөз кылынбай, ушул проблематика боюнча кийин жарыяланган адабияттарда анын бирин-экин эмгектери, – эң алды, жогоруда белгиленген “Байланыштуу речь” менен “Официалдуу-иштиктүү стиль” – эскертилип, көп сандаган макалалары унутта калууда. Т.Уметалиеванын 2013-жылы жакталган “Кыргыз тилинин кеп маданиятынын илимий негиздери” аттуу кандидаттык диссертациясында да С.Давлетовдун “Байланыштуу речь” китебинен башка кеп маданиятына арналган бир дагы эмгеги жөнүндө айтылбайт. Андыктан залкар тилчинин илимий мурасын изилдөө, анын кыргыздын тил илиминде, анын ичинде – стилистика менен кеп маданиятында алган орду менен ойногон ролун изилдеп, ага адилеттүү баа берүү – өз чечилишин али да күтүп жаткан, мааниси зор маселелердин бири.

1968-жылы С.Давлетов өзүнүн атайын кеп маданияты темасына арналган алгачкы чыгармасын – “Сөз маданияты жана ага коюлуучу талаптар” аттуу макаласын - жарыялаган. Бул тема учурда канчалык актуалдуу болгонун, ага байланыштуу маселелерди чечүү канчалык зарыл экенин сезген окумуштуу мындай деп жазган: “Азыркы мезгилде сөз маданиятына тиешелүү маселелерди ар тараптан, илимий негизде изилдөө, ошол аркылуу жакшынакай сүйлөй да, жаза да билүү үчүн илимий сунуштарды берүү советтик тил илиминин алдындагы эң негизги маселе катары коюлуп отурат. Бул бекеринен эмес” (4, 65). Кеп маданияты маселелеринин актуалдуулугун, аларды изилдөөнүн маанилүүлүгүн автор мындайча түшүндүрөт: “Ар бир улуттун, ар бир элдин эне тили – алардын нечен доорлор бою түзгөн, сарамжалдуулук менен жыйып-терген чыгармачыл эмгегинин улуу көрсөткүчү. Эмгек жана аны менен бирге эне тил – адам баласынын бардык маданиятын, бардык адабиятын жаратуудагы эң башкы булактар. Ошондуктан тил каражаттарын күндөлүк турмушта ийгиликтүү колдоно билүү талабы байыркы замандардан бери эле күн тартибине коюлуп, эл тарабынан талкууга алына баштаган” (4, 65).

Изилдөөчү катары С.Давлетов илимий кыраакылыгы, жүргүзгөн талдоо-анализинин дыкаттыгы жана тереңдиги, чыгарган корутундуларынын чыныгы теориялык маанайда берилиши менен өзгөчөлөнгөнүн ал туурасында айтылган бир катар пикирлерден окуй алабыз (7, 340; 11, 350; 10, 358, 360-361).Бул сапат анын кеп маданияты менен стилистикага арналган бардык эмгектерине да мүнөздүү. Алардын ар биринде окумуштуу өзү алышкан тил илими тармагын үстүртөн гана мүнөздөө менен чектелбестен, андагы негизги түшүнүктөрдү ар тарабынан талдап, ар биринин бөтөнчөлүктөрүн таап, өз ара байланыштарын аныктоого болгон аракетин жумшайт. Изилдөөчү илимий кучагын кеңири жайып, иликтөөнүн алкагына объектинин көбүрөөк жагын камтууга далалаттанбай, ошонун ордуна көңүлдүн көбүн анын системалык касиеттерине бурат.

Жогоруда аталган макаласында С.Давлетов сөз маданияты түшүнүгү кечээ-жакында пайда болбогонун, ага илгерки замандарда эле көңүл бурулуп, байыркы грек ойчулдары маданияттуу кептин негизги чен-өлчөмдөрүн аныктап-табууга аракет жасашканынан кабар берет (4, 66). Бирок бул түшүнүк илимий деңгээлде болбосо да, эмпирикалык деңгээлде бардык эле элдерде, анын ичинде кыргыз элинде да өзүнчө бөлүнүп каралып,

сөз өнөрү менен сөз маданиятына кыргыздар дайыма баа берип келишкенин айтат (4, 66-67). Мунун айгине далили кыргыз тилиндеги сөз маданиятынын башаты, элдик тилдин туу чокусу катары "Өнөр алды – кызыл тил" макалында таамай жыйынтыкталган, эл арасындагы чечендик өнөрү эсептелет (ошол эле жерде). Сөз маданияты түшүнүгүнө С.Давлетов төмөнкүдөй аныктама берет: "Сөз маданияты, үстүртөн айтканда, – жалпы маданияттын олуттуу бир тармагы, тагыраак айтканда – тил каражаттарын максатка, ар түрдүү шартка, чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүнө ылайык чеберлик менен колдоно билүү ийгилиги" (4,68).

Биринчи макалаларында эле окумуштуу[1] тил жана кеп түшүнүктөрүн бөлүп карап, бардык сыпаттоолорун алардын ар бирине таандык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүргүзөт. Аталган түшүнүктөрдү туура ажыратмайын, кеп маданияты менен стилистиканы туура түшүнүү да, жазып түшүндүрүү да мүмкүн эмес экендигин билип, тилчи өзүнүн кийинчерээк жаралган "Байланыштуу речь" китебинин алгачкы беттеринде эле аталган түшүнүктөргө кеңири токтолуп, аларга өзүнчө бөлүмдү арнаган. "Тил жана речь, – деп жазат ал, – өз ара тыгыз байланышта болсо да, бардык жагынан бири-бирине дал келген, эч кандай айырмасы жок, демек, бир эле түшүнүк эмес. Алар – ар башка түшүнүктөр" (1, 11). *Тил*, С.Давлетов айткандай, "пикир алышуунун өзү эмес. Ал – адамдардын карым-катышынын эң маанилүү куралы" (ошол эле жерде). Ал эми "сөз (речь) – тил каражаттарынын турмушта пикир алышууда колдонулушу" (6, 92). Башкача айтканда, "речь – пикир алышуунун, карым-катнаш жасоонун куралы эмес, анын дал өзү (айтуу, жазуу – демек, процесс) жана андан чыккан натыйжа" (1, 12).

Сөз маданияты түшүнүгүн карап жатып, С.Давлетов аны *адабий тил* жана *адабий норма* түшүнүктөрү менен байланыштырат. Эгерде бир кезде К.Тыныстанов кыргыз тил илиминде норма түшүнүгүнө биринчи болуп кайрылып, анын түрлөрүн аныктоого аракет жасаса, С.Давлетовдун изилдөөлөрүндө бул түшүнүк андан ары, мурдагыдан кеңири иштелип, анын аныктамасы такталып, толукталат.

С.Давлетов норма деген түшүнүктүн өзү адабий тил менен кошо пайда болгондугун айтып, адабий тил калыптанганга чейин "өткөн замандарда сөз өнөрү ушунчалык жогору бааланса да, белгилүү бир системага салынбаган, илимий негизде ар тараптан иштелип чыкпаган," (4, 67) – деп белгилейт. Адабий тил элдик оозеки тилден мына ушунусу менен айырмаланат.

Адабий норма түшүнүгүн кенен-кесир сыпаттап, окумуштуу мындай деп жазат: "Адабий норма жалпы элдик (улуттук) тилдин өнүгүү закондорун бардык жактан байкоо, ийкемдүүлүгүн жогорулатуучу мүмкүнчүлүктөрүн илимий негизде аныктоо аркылуу белгиленет жана тилдин ар тарабын өз кучагына камтыйт" (4, 68). С.Давлетов адабий норма түшүнүгүн кылдат талдоого алып, ал тил системасынын бардык жагын өз ичине камтыгандыктан, тил деңгээлине жараша лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөздүн айтылган же жазылгандыгына жараша – орфографиялык жана орфоэпиялык болуп бөлүнөрүн айтат. "Бул нормалар, – дейт андан ары автор, – элдик (улуттук) тилди илимий изилдөөнүн натыйжасында аныкталып, жалпыга бирдей колдонула турган эреже, сөздүк түрүндөгү эмгектерде чагылдырылат" (4, 69). Мына ушул жагынан адабий тил, "элдик тилдеги каражаттардын эң маанилүүсү, эң зарылын тандап алуунун, аларды белгилүү бир үлгүгө салып, жеткиликтүүлүк даражасын арттыруунун, башка тилдердин эсебинен орундуу байуунун тарыхы болгондуктан, адабий тил ар кандай диалектилерге караганда

[1] Белгилей кетчү нерсе, өз макала-китептеринде С.Давлетов азыркы күндө кеңири колдонулган *кеп* терминининин ордуна *речь* терминин колдонууну оң көргөн (караңыз: 10, 360). Анын "Байланыштуу речь" эмгегинин 1999-жылы чыккан басылышында да бул терминине байланыштуу түшүрмөдө мындай деп айтылган: "Бул эмгекте автор өзү колдонгон терминди өзгөртүүнү туура көргөнүбүз жок. Анын үстүнө 'речь' терминининин 'кеп' түрүндө колдонулуп калышы жайынча эле орус тилинин котормосубу же бири-бирине дал келе турган каражаттарбы? Бул жөнүндө илимий негизде айтылган атайын аргументтер азырынча айтыла элек сыяктанат" (1, 5).

бай, өсүп-өнүккөн тил болуп эсептелет” (ошол эле жерде).

Ошентип, окумуштуу сөз маданиятын адабий норма аркылуу адабий тил менен байланыштырат. Адабий тилдеги сөздөрдүн ордуна диалектилик сөздөрдү колдонуу адабий норманын бузулушуна, сөз маданиятынын төмөндөшүнө алып келип, ал турсун айрым учурларда түшүнбөстүккө алып келерин айтат. Айткан ойлорун тилчи бай факты материалдар менен бышыктайт. Демек, сөз маданиятынын бузулушу, бир чети, диалект менен адабий тилди чаташтыруудан, бир чети, тил бирдиктери менен эрежелерин туура эмес колдонуудан пайда болот.

Өзүнүн 1968-1988-жылдардын аралыгында кеп маданияты жаатында жазган көп сандаган макалаларында С.Давлетов кептин тууралыгы, тактыгы, тазалыгы, чебердиги жана башка ушул сыяктуу сапаттык чен-өлчөмдөрүн ар тараптуу кароого алып, алардын ар бирине мүнөздөмө берет[2]. Окумуштуунун түшүнүгүндө, кеп маданияты – көп кырдуу, татаал көрүнүш, кептин маданияттуулугу анын кайсы бир өзүнчө алынган касиети менен эмес, бардык чен-өлчөмдөрүнүн тийиштүү талаптарга жооп бериши менен аныкталат. “Ырас, сөз маданиятын жогорку баскычка көтөрүү үчүн, – дейт автор, – речтин өз алдынчалыгына, андагы каражаттардын бирден-бир эң зарыл болгон ордуна жайгаштырылышына, экспрессивдик-эмоциялык сапаттарына, образдуулугу менен көркөмдүүлүгүнө да олуттуу маани берилүүгө тийиш” (6, 95).

Чыгаан тилчинин дагы бир чоң жетишкендиги болуп кыргыз тилинде биринчи болуп стилистика менен сөз маданияты чөйрөсүндө өтө маанилүү болгон *байланыштуу кеп* концепциясын иштеп чыгуу эсептелет. Бул маселе анын “Байланыштуу речь” эмгегинде иликке алынган.

Орус тилчиси О.С.Ахманованын пикирине таянып, С.Давлетов байланыштуу кепке (речке) төмөнкүдөй аныктама берет: “Тил илиминин көз карашынан алганыбызда, байланышуу речь дегенибиз – аздыр-көптүр узакка созулган, белгилүү даражада аякталган, бөлүктөрү өз ала байланышкан речь” (1, 14). Мындай кептин натыйжасында текст жараларын айтып, С.Давлетов *текст* түшүнүгүнө кайрылат да, ырааттуу кептин натыйжасы катары текст кандайча түзүлөрүн, эмнелерден турарын, анын курамдык бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыш-мамилелерди чечмелейт (1, 15-33). Текст түзө билүү жөндөмү – өз кебинди, эл алды – жазма кебинди, жогорку маданият деңгээлине жеткизүүнүн маанилүү жолу.

С.Давлетовдун биз карап жаткан иши, анын “Официалдуу-иштиктүү стиль жана анын мектептерде окутулушу” китеби жана “Развитие стилей в современном киргизском языке” макаласы менен бирге, кыргыз стилистикасынын негизин салган эмгектерден. Окумуштуунун дал ушул чыгармаларында кыргыз тил илиминде *стиль* түшүнүгүнө так, терең, анын бардык жагын эске алган аныктама берилип, кыргыз тилиндеги стилдер, алардын өзгөчөлүктөрү сыпатталган.

Стилдер маселесине С.Давлетов аталган эмгектерин жазгандан мурда эле, өзүнүн кеп маданияты боюнча жазылган макалаларында кайрылган. Бирок ал жактан стилдер тууралуу өзүнчө кеңири сөз болбой, алар кептин тууралыгы маселесинин контекстинде каралган. Окумуштуунун пикиринде, адам баласы өзү сүйлөгөн тилдеги бардык эле каражаттарды колдонбойт, алардын ичинен өзүнүн таламдарына, билим, маданий деңгээлине, жаш өзгөчөлүктөрүнө, турмуштук тажрыйбасына, өнөр-кесибине жараша ылайыктууларын тандап алат. “Мунун натыйжасында, бир кыйла тил каражаттары бара-бара тарам-тарамга жиктелип, жеке, өзүнчө турса да, кайда, кайсы учурда пайдаланыларын бизге элестетип турат. Алардын мындай өзгөчөлүгү илим тилинде стилистикалык сапат деп аталат” (4, 73-74). Тилде стилистикалык өзгөчө сапатка ээ каражаттар менен катар, эч жиктелбей, ар кандай учурда колдонууга жарамдуу

[2] Кеп маданиятынын аталган жактарынын С.Давлетовдун эмгектеринде изилденип-чагылдырылышы биздин “С.Давлетов кеп тууралыгы, тактыгы, чебердиги жана тазалыгы жөнүндө” аттуу макалабызда каралган.

каражаттар болот.“Булар стилистикалык жай каражаттар деп аталат” (ошол эле жерде).

Бирок стиль түшүнүгүн толук ажары С.Давлетовдун “Развитие стилей в современном киргизском языке” жана “Байланыштуу речь” эмгектеринде ачылды. Стиль түшүнүгү жөнүндө илимде ар кандай пикирлер бар экенин, өзү бул жагынан орус тилчиси В.В.Виноградовдун көз карашына кошуларын айтып, С.Давлетов функционалдык стилди “адабий тилдин бул тилдик коллективде тарыхтын жүрүшүндө калыптанып, коомдук жашоонун белгилүү бир чөйрөсүн тейлеген, нейтралдуу да, көбүнчө өзү тейлеген чөйрөдө гана колдонулган, өзгөчө да тил каражаттары бар болгон түрү” (3, 170) катары аныктайт. Же, жөнөкөй тил менен айтканда, “стиль дегенибиз – речтин белгилүү бир максатта, пикир алышуунун чөйрөсүнө ылайыкталган түрү” (1, 36). Стиль адабий тилдин функционалдык түрү же анын кайсы бир чөйрө менен чектелген өзгөчө колдонулушу болгондуктан, кептин тууралыгын баалоодо кептин стилдик өзгөчөлүктөрү эсеп алынууга тийиш. Ушундан улам “тил каражаттарын колдонуунун жөндүүлүгүн, тууралыгын жана орундуулугун алардын кеп учурунда аткарган милдетине байланыштырып, т.а., пикир алышуунун чөйрөсү менен максатын жана айтылган сөздүн шарттарын эске алуу менен аныктоочу эрежелер топтому”, б.а., *стилдик норма* түшүнүгү келип чыгат (3, 169).

Жогоруда аталган эки эмгегинде тең С.Давлетов стилдин табияты, анын тилдеги түрлөрү, ар кандай стилдердин жалпы да, кыргыз тилиндеги да өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылат. Ошол эле учурда 1980-жылы чыккан “Развитие стилей в современном киргизском языке” макаласында автордун көңүлү негизинен илимий жана расмий-иштиктүү[3] стилдерге бөлүнүп, стилдер эң алды өнүгүү жана калыптануу өнүтүнөн каралса, 1988-жылы адеп “Мугалимдер газетасынын” бир нече санына макалалар сериясы түрүндө жарыяланып, кийин, 1999-жылы, өзүнчө китеп болуп басылып чыккан “Байланыштуу речте” стилдер туурасында кеңиририрээк баяндалып, иликтөөгө сүйлөшүү жана китеп стилдери, көркөм, расмий-иштиктүү, илимий жана публицистикалык стилдер алынат.

С.Давлетовдун кыргыз стилистикасына чоң салым кошкон дагы бир эмгеги – анын “Официалдуу-иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу” (2) методикалык колдонмосу. Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси менен Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы жүзөгө ашырыла баштаган азыркы мезгилде чыгаан илимпоздун бул китеби өзгөчө актуалдуулукка ээ. Аталган программанын алкагына жүргүзүлүүчү иш-чаралардын ичинен мамлекеттик тилде иш кагаздарын жүргүзүүгө үйрөтүү - эң маанилүүлөрүнүн бири, анткени кыргыз тили толук кандуу мамлекеттик тил болуп калыш үчүн ал күнүмдүк жашоо-тиричиликте гана эмес, коомдун бардык деңгээлдеринде кеңири колдонулуп, өкмөттө да, жер-жерлерде да негизги кеңсе тили болуп калууга тийиш. Мына ошондо кыргыз тилинин даражасы анын мамлекеттик тил макамына толук жооп бере алат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап эле иш кагаздарын кыргыз тилинде жазууга үйрөткөн, ар кандай иш кагаздарынын кыргызча үлгүлөрүн сунуш кылган бир топ колдонмолор жарык көргөн. Бирок расмий-иштиктүү стилдин өзгөчөлүктөрүн майда-чүйдөсүнө чейин иликтеп көрсөткөн, илимий тереңдиги, методикалык сунуштарынын тактыгы, айкындыгы, алгылыктуулугу менен өзгөчөлөнгөн С.Давлетовдун биз атаган китеби өзүнүн маанисин күнү бүгүнкүгө чейин жоготпой келет. Кийин чыккан колдонмолордун бардыгы тигил же бул деңгээлде ушул алгачкы колдонмонун үлгүсүндө жазылган деп айтса болот.

Бул эмгегинде С.Давлетов тилчи-теоретик катары расмий чөйрөдө колдонулуучу тилдин табиятын, анын баарлашуудагы бөтөнчөлүктөрүн кылдат изилдеп, практик-тилчи

[3] Биз, азыркы тилге салып, бул стилди “расмий-иштиктүү” дегенибиз менен, С. Давлетов аны “официалдуу-иштиктүү” деп атаган.

катары иш кагаздарынын ар кандай түрлөрүн, аларга таандык сапаттарды, коюлуучу талаптарды түшүндүрүп, алардын жакшынакай үлгүлөрүн жөн гана келтирип койбостон, талдоого алып, методист катары ушул стилди туура колдонууга үйрөтүүнүн ыкма-жолдорун сунуш кылат. Расмий-иштиктүү стилдин айрыкча тактык, стандартталгандык, жаксыздык (жалпылык), императивдүүлүк сыяктуу бөтөнчөлүктөрүн айтып, ошондон улам бул стилде тилдин тууралыгына катуу талап коюларын баса белгилейт (2, 102).

С.Давлетовдун тил илиминдеги, анын ичинде стилистика менен кеп маданияты тармагындагы зор салымын, анын өнүгүшүнө тийгизген таасирин чакан макалада айтып бүтүү мүмкүн эмес. Биз, болгону, чыгаан тилчинин ушул жаатта билдирген пикирлерин, сунуштаган концепцияларын кыскача баяндап берүүгө аракет жасадык. Жазганыбыз С.Давлетовду кыргыз кеп маданияты менен стилистикасын алгачкылардан түптөгөн окумуштуу катары көрсөтө алды деген үмүттөбүз. Методист-окумуштуу А.Осмонкулов да эскерүүлөрүнүн биринде стилистика менен кеп маданияты тармагында кийин чыккан илимий эмгектердин көбү С.Давлетовдун изилдөөлөрүнө, бир чети, таянып, бир чети, алардан таасирленип жазылган деген пикирин айтканы бекер эмес (7, 338-339).

Тил, сөз маданияты, сүйлөп-жазуунун тактыгы, тазалыгы, аткарган милдети кеңейген кыргыз тилинин стилдерин өнүктүрүү маселелери азыркы мезгил үчүн канчалык маанилүү экенин эгемендүүлүк жылдары, өткөн кылымдын аягында – азыркы кылымдын башында аларга арналган эмгектердин саны көбөйгөндүгүнүн өзү эле айгинелеп турат. Алардын ичинен өзгөчө атап кете тургандары – С.Ж.Мусаевдин “Кеп маданиятынын маселелери” (1993), анын эле “Кеп маданияты жана норма” (1999), Т.Токоевдин “Тил жана сүйлөшүү проблемасы” (2002), А.Чолпонбаев, Н.Календеровдун “Сүйлөө чеберчилиги” (2002), Ж.Дүйшеевдин “Сүйлөө маданияты жана стилистика” (2006) эмгектери. Ал эми ушул эле маселенин методикалык өңүттөн алып изилденишин алсак, анда А.Эшиевдин “Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору”, Ж.Чымановдун “Байланыштуу кепти окутуунун негиздери” эмгектерин атабай кетүүгө болбойт (караңыз: 7, 339; 8, 8-9).

Ырас, тил өнүгүп, лингвистика илиминде чоң-чоң ийгиликтер, жакшынакай жетишкендиктер болууда. Бирок ошонун баары өзүбүздүн эле талант-шыгыбыздын, жеке биздин эмгегибиздин үзүрү болбогонун унутпашыбыз керек. Биз баскан жолго бизден мурда кадам таштап, багыт көрсөткөн мурунку аалымдар алдыбыздагы жолду таптап, бүгүнкү табылгаларыбызды кыйла жеңилдеткени – айныгыс чындык. Ошол өңдүү өз эмгеги менен кыргыз тил илиминдеги кеп маданияты жана стилистика маселелеринин изилденип-чечилишине зор салымын кошкон, элибиздин так, таза сүйлөөсүнө жан-дили менен күйүп, бизге өрнөк калтырган чыгаан окумуштууларыбыздын бири – Самак Давлетов.

Адабияттар:

1. Давлетов С.А. Байланыштуу речь: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. –Бишкек: Мектеп, 1999.
2. Давлетов С.А. Официалдуу-иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 1-китеп. –Каракол: ЫМУ, 2010. -96-162 бб.
3. Давлетов С.А. Развитие стилей в современном киргизском языке. //Могучий фактор национально-языкового развития. –Фрунзе: Кыргызстан, 1981. -160-191 бб.
4. Давлетов С.А. Сөз маданияты жана ага коюлуучу талаптар. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -65-88 бб.
5. Давлетов С.А. Эмне үчүн өнөр алды кызыл тил. //Ленинчил жаш, 1974, 11-июнь.
6. Давлетов С.А. Сөз маданиятын өнүктүрүү – тил, адабият мугалимдеринин башкы милдеттеринин бири. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. –Каракол:

ЫМУ, 2011. -88-96 бб.

7. Осмонкулов А. (2011). С.Давлетовдун методикалык мурастары. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -335-345 бб.

8. Уметалиева Т.У. (2013). Кыргыз тилинин кеп маданиятынын илимий негиздери. Филол. илим. канд.... дисс. автореф. –Бишкек, 2013.

9. Усубалиев Б. Самак + Жүзөкан = Бир жүрөк (философиялык этюд). //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -381-385 бб.

10. Усубалиев Б. Сиз. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -354-366 бб.

11. Усупов С. Тилчи Самак. //Кыргыз тилинин урунттуу маселелери. 3-китеп. –Каракол: ЫМУ, 2011. -348-353 бб.